Нарын облустук С. Орозбаков атындагы
маалыматтык китепкана

Маалымат берүү жана Манас таануу бөлүмү




# "Ыр - менин өмүрүм, тагдырым"

## Жумамүдүн Шералиев

(Библиографиялык колдонмо)

Нарын - 2015

*"Чыгарма түгөнбөгөн кенч, а кенч кайда? Кенч элде! Мен элден алып, кайра элге берем."*

*Ж. Шералиев*

Миң миңдеген сезимдерге гүл өнүп,
Кыргыз барда улам курчуп, бүлөнүп.
«Жумамүдүн Шералиев» деген сөз,
Жашап жатат, жашап калат түбөлүк.
Э.Ибраев.

Атактуу композитор, айтылуу аткаруучу, төкмө акын, жазуучу, журналист Кыргыз Республикасынын Эл артисти, Республиканын Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыгынын ээси Жумамүдүн Шералиев Ат-Башы районундагы Туйук-Богошту айылында 1915-жылдын 3-сентябрында төрөлгөн.

Болочоктогу обончу, ырчы, комузчу эмгек жолун киндик каны тамган айылындагы жергиликтүү кеңештин, "1-Май" колхозунун комсомол уюмунун катчысы болуп иштөөдөн баштайт. Жалын жүрөктүү жаш жигит иши менен ырчылыкты айкалыштырган.

Күн сайын Ж.Шералиевдин ырга, обонго болгон ышкысы артат. "Жаштын тилегин берет" дегендей көптөгөн түйшүктөнүүдөн, изденүүдөн кийин анын тилеги орундалат. Ал 1928-1929 жылдарда өзүнүн алгачкы "Сүйгөн жарга", "Сүйүү ыры", аттуу ырларынын сөздөрүн, обонун өзү жазган. Айрыкча Шералиевдин ыр жандуу айылдаштары: Айсаракун, Жумаалылар "Сүйгөн жарга" жана "Сүйүү ырынын" алгачкы жайылтуучуларынан болушат. Булардын ырдоосу аркылуу Ж.Шералиев жердештерине обончу катары таанылат. Айлына "Жумамүдүн айтылуу Боогачынын "Секетбайы" менен "Күйгөнүнөн" кем калышпаган не бир мукамдуу обонду чыгарыптыр" деген атка да конгон. 1931-1933 жылдарда Ж.Шералиев Ат-Башы айылында радио түйүнүндө ырчы, 1933-жылдан 1936-жылга чейин, райондук аткаруу комитетинин жалпы бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Бирок, шайырлык кесибин таштабай, карапайым эмгекчилердин арасында көбүрөөк болуп, аларга кандай чыгармалардын жагаарын иликтеген.

1934-жылы атайын жаштар үчүн шашпаган жүрүштөгү , ойлуу ыргактагы "Түшүмдө" аттуу лирикалык ырын чыгарган. 1936-1948 жылдары ал Кыргыз филармониясында ырчы жана оркестрант, 1948- жылдан 1953-жылга чейин Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин алдындагы радио комитетинде музыкалык редактор, 1953-жылдан 1994-жылга чейин Нарындагы М. Рыскулов атындагы музыкалык-драмалык театрда музыкалык бөлүмдүн башчысы болуп иштеген. 1940 жылы композиторлор Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынат. Атактуу өнөр чеберлери менен бирге Ж.Шералиев Москвада өткөн Кыргызстандын искусствосунун декадасына катышкан.

Ал декадада "Созулма", "Түшүмдө" аттуу ырларын тартуулаган. Автордун обондорунун мукамдуулугу, ырчылык устаттыгы Москвалыктарды да кайдыгер калтырбайт. Анын акыбети кайтып, "Ардак белгиси" ордени менен сыйланат. Декаданын соңунда Шералиев эл аспаптар оркестри жана залкар шайырлар менен бирге Закавказья жумурияттарына гастролго барган.

Ж.Шералиевдин чыгармачылыгы көп жактуу өнүккөн. Ал - аткаруучу, комузчу, кийин обончу, ырчы, аккардеончу, хормейстр, акын-драматург катары таанылган. 1941-жылы Кыргыз ССРинин эмгек синирген артисти деген ардактуу наам берилиши Ж.Шералиевдин баштагыдан да жандуу, демилгелүү эмгектенүүгө шыктанткан. Ал эл шайырлары менен эл арасында болуп, карапайым калктын эмгектеги эпкиндүү эрдиктерин өз көзү менен көрүп, көңүлү эргиген. Кандай болбосун эмгекчилердин турмушуна өз үнүн кошкусу келген.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Ж.Шералиев душмандын ташын талкан кылууга чакырган, кең мекенди көздүн карегиндей коргоого үндөгөн: "Шилте кылыч", "Жолдоштор", «Согуштан кат", "Жоокердин ыры" аттуу ырларга патриоттук жүрүштөгү мукамдуу обондорду чыгарган. Ал өзүнүн ырларын комуздун, оркестрдин коштоосунда ырдоо менен бирге, согуш жылдарында чыккан орус элинин "Катюша", "Ыйык согуш", "Примор крайы", "Үч танкист", "Шайыр балдар" ж.б. ырларды орус тилинде ырдап, элдин көңүлүн көтөргөн.

Ж.Шералиев кыргыз филармониясында 1936-1944 жылга чейин оркестрдин музыканты, ырчы катары иштеген. Бул мезгилдин арасында ал өнөрү менен Москва, Кавказ, Өзбекстан, Казакстан жана бүтүндөй СССРдин жумуриятынын угуучуларына таанылат. Элдин алкоосуна алынып, татыктуу баасын алат, алардын талаптарына жооп бергендей жогорку көркөмдүктөгү чыгармаларды жаратууга аракеттенген.

Ырчы-обончу айыл арасында болуу менен бирге калк музыкасынын айрым катылып жаткан үлгүлөрү менен таанышкан. Алардын берметтерин обондоруна чыгармачылык менен пайдаланууга, сиңирүүгө, ички дүйнөсүн байытууга умтулган.

Аткаруучулук чеберчилигин ар жактуу өнүктүрүш үчүн балалайкада, мандолинада, аккордеондо ойногонду үйрөнгөн. Алардын коштоосунда өзүнүн чыгармаларын аткарган.

Залкар шайырлардын аткаруусундагы ырларды, күүлөрдү, дастандарды радионун тасмаларына жаздырып, музыкалык берүүлөрдү уюштурган. Радио угуучуларга кызыктуу концерттерге катышкан.

Ж.Шералиев 50-жылдардан тартып бүтүндөй чыгармачылыгын ыр, обон чыгырууга арнайт. Ал учурдун талабына жана замандаштарынын жан шеригине айланган ондогон ар кыл маанилүү обондорун жаратат.

Анын "Селкиге", "Көз алдымда элесиң" "Эсен бол" аттуу арноо ырлары көңүл эргиткен ажарлуу обону менен кары-жаштын оздорунан түшпөй ырдалган чыгармаларга айланат.

Обончунун жайдары мүнөздөгү ажайып обондуу ырынын бири - акын М.Токомбаевдин сөзүнө жазылган «Жибек чач». Бул ыр аялзатына арналган 20-кылымдын мыкты ырларынын бири болуп кала берген.

Ж.Шералиев 1953-жылы "Ат-Башы" райондук маданият үйүнүн директору, ал эми 1954-жылдан 1957- жылга чейин Нарын шаардык Муса Баетов атындагы маданият үйүнүн көркөм жетекчиси болуп иштеген. Бул жылдардын аралыгында ал аймактагы өчүп бараткан өздүк көркөм чыгармачылыктын чек жеткис бийиктикке көтөрүлүшүнө ченемсиз салымын кошкон.

Ж.Шералиев алгач маданият үйүнүн алдында 13 адамдан турган драм, хор, бий, комузчулар ансамблинин ийримдерин уюштурган. Ага Нарын педагогикалык окуу жайынын студенттери, Т.Сатылганов, В.Чкалов атындагы орто мектептердин окуучулары, кийим жана бут кийим тигүүчү фабрикасынын таланттуу жумушчулары катышкан.

Нарын маданият үйүнүн алдындагы чакан жамаат кыска мөөнөттүн ичинде Н.Байтемировдун "Токтогул жолдо", М.Алыбаевдин "Жантектин керээзи" аттуу бир, эки көшөгөлүү пьесалардын, "Партияга даңк" аттуу адабий-музыкалык композицияны, бийчилердин, хорчулардын, комузчулар ансамблинин аткаруусундагы чыгармаларды шаардын жана алыскы райондун малчыларына тартуулаган. 1955 жылы эле 112 жолу концерт берүүгө жетишет. Нарын областынын райондорунда өздүк көркөм чыгармачылыктын канаттары жайыла, жандана баштайт. 1957-жылы Ж.Шералиев жетектеген жамаат Республикалык жаштар менен студенттердин фестивалында лауреаттыкты жеңип алат. 40 аткаруучудан турган комузчулар ансамбли фестивалдын корутунду концертине катышып, алкоого арзыйт. 1957-жылдын башынан тартып, Нарын маданият үйүнүн имаратында азыркы М.Рыскулов атындагы музыкалык драма театры уюшулат, театр уюшулгандан баштап Нарын драма театрынын хормейстри, дирижеру, музыкалык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келген.

Ж.Шералиевдин чыгармачылык жолунда акындыкты, драматургдукту, журналисттикти да бирге өнүктүргөн. Анын алгачкы ырлары республикалык мезгилдүү басма сөздөрдүн беттерине жарыялана баштайт. Маселен "Ленинчил жаш", "Кызыл-Кыргызстан" аттуу газеталарга "Мен Советтик граждандмын" , "Өмүрлүккө кубаныч", "Асыл эне" аттуу ырлары жарык көрөт. Автор мекен,тынчтык,партия,эмгек, эрдик, жаштык, өмүр, көбүнчө лирикалык ырларды тартуулайт.

Автордун балдарга арналган ырларынын көпчүлүгү билим берүүчү мектептердин "Музыка" аттуу окуу китептерине, хрестоматияларга да киргизилген.

Ж.Шералиев кыргыз элдик ыр чыгармачылыгында өнүкпөй келген сатиралык (куйкумдуу) ырларга обон чыгарууга колунан келишинче, шык дараметинин жетишинче жандандырууга аракеттенген. Автордун тамашалуу, какшык, бырс эттирген куйкумдуу ырларынын сөздөрү менен обондору бири-биринин ойлорун толуктап, маңыздарын байытып, ажарларын ачкан. Айрыкча анын сөздөрүнүн, обондорунун өткүрдүүлүгү, көркөм каражаттарынын кайталангыстыгы, таасирдүүлүгү угуучуларды кайдыгер калтырбай кайра-кайра угууга куштарлантат. Композитор Жумамүдүн Шералиев жаратылышынан тубаса лирик болгон. Анын элдик обондор менен ширелишкен мөлтүр ырлары, дуэттери, хорлорунун баардыгы жаштардын турмушунан алынган жана аларга арналган. Арийне, анын тунук лириктиги 60-70 жылдардын аралыгында чыгарган "Геологдордун ыры", "Ырдап кой",

"Карап койчу" , "Айттырбай билер болсоңчу" , "Жашообуз болсун көктөмдөй" , "Анда сен" , "Түн болбос көлдүн түнүндөй" , "Гүлдөжан" , "Колхоз аймагы" , "Колхоздогу курбума" , "Гүлбарчын" , "Жүрөгүмдүн сырын ук" ж.б. ырлары алгачкы аткарылышынан эле обондорунун мукамдуулугу менен жаштардын жан шеригине айланат. Арноо, эстоо, мактоо, өкүнүү ырларынын обондору да терең ойлуу, ыргактыгы мукам, тилдери назик. Анын обондорун эч бирөөнүкүнө окшоштурууга мүмкүн эмес.

Залкар обончу-композитордун чыгармаларынын элге алымдуу, өтүмдүү, жылдыздуу болушунун дагы бир себеби ал көркөмдүк сапаты келишкен, мазмуну терең окурмандарды толкундаткан, тубаса музыкалык ыргактарга бай ырларга обон чыгаргандыгында.

Ж.Шералиевдин канаттуу ырлары атактуу ырчыларыбыздын өздүк репертуарларын байытуу менен ондогон жаш шайырлардын да ыр дүйнөсүнөн бактысын ачкан. Өз кезегинде ырчылар; С.Чечейбаева, Т.Жумакаева, Г.Мамашева, З.Шакеева, Г.Момушева, С.Суранчиева жана башкалар Ж.Шералиевдин ырларын аткаруу менен элге таанылышты, атак- даңкка жетишти.

Кыргыздын профессионалдык музыкасынын баштоочулары: П.Шубин, В.Власов , В.Фере, М.Абдраев, А.Тулеев, М.Раухвергер, К.Молдобасанов, дирижерлер: А.Жумахматов, Э.Жумабаев, Т.Томотоев, С.Жумалиевдер Ж.Шералиевдин ондогон ырларын фортепиано жана үн, эл аспаптар, симфониялык оркестрлер, хор үчүн иштеп чыгышты. Булар айтылуу артисттерибиз: С.Кийизбаева, М.Махмутова, А. Куттубаева, М.Мустаева, К.Чодронов, К.Сартбаева, Д.Жалгасынова, А.Мырзабаев, С.Бекмуратова, А.Жумабаев жана башкалардын ырдоосунда КМШ өлкөлөрүнүн чоң шаарларында, чет өлкөлөрдө жаңырды.

Ж.Шералиев өмүрүнүн акыркы жылдарында- "Маалында күчтү жумшап кал, мүнөтүң текке кетпесин, чыгарма түгөнбөгөн кенч... а кенч кайда? Кенч элде! Мен элден алып, кайра элге берем. Элге тартуулаган чыгармамды улам жаңы аткаруучулар ырдап турса анда ал ордун тапканы. Ошондуктан, жарык дүйнөгө жарк этип бир келип жалп этип өчкөн өмүрүндө баардыгына жетишип иштеп калышың керек. Ден- соолук деген чыгармачылыктын булагы. Канча иштесең ошончо ден- соолукта болосуң"- деп калемин койкоңдото кармап, өмүр, жашоо, махабат, келечек жөнүндө ондогон ажайып обондорду чыгарган.

Ж.Шералиевдин элдик обондордун ширеөсүнөн жаралган мөлтүр ырларына кыргыз эле эмес, казак, өзбек, орус, кала берсе жапондук, польшалык, чехиялык, монголдук угуучулар да суктануу, таңдануу, тамшануу менен угууда жана аткарышууда. Анткени, анын жайдары ыргактардагы, жаркын маанайдагы обондору жердин алыстыгын, элдин бөтөндүгүн талдабай, тандабай котормосуз жеткен. Музыка тили ошонусу менен күчтүү да, улук да.

Өз кезегинде обон чыгаруудан, ыр, аңгеме, очерк, макала жазуудан чалыкпаган, талбаган ырчы, обончу көп кырдуу чыгармачылык ишкердүүлүгүн, улуттук музыкалык маданиятты өнүктүрүүгө сиңирген эмгегин өкмөт жогору баалап, төрт жолу (1946, 1975, 1979, 1985-жж.) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамоталары, "Ардак белгиси" ордени, "1941-1945 жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы, эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы менен сыйланган. 1973- жылы ага Кыргыз Республикасынын эл артисти деген ардактуу наам берилет. Ал эми 1984- жылы калк жүрөгүнөн түнөк тапкан канаттуу ырлары үчүн Республиканын Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыгынын лауреаты болгон.

Ж.Шералиевдин көргөн күнү, ичкен суусу, жеген наны- ыр болгон. Басса - турса "Ыр- менин өмүрүм, тагдырым" -

деп айтып, ыр менен жашап, күн көргөн. Көзүнүн тирүүсүндө замандаштары кыргыздын элдик ыр чыгармачылыгынын кенчи, жандуу энциклопедиясы, классиги дешчү. Ал бүтүндөй жаштыгын, карылыгын, чыгармачылык күч кубатын өзү өнгөн, көктөгөн заманга, элине, жерине, жаштарына, эрдигине, эмгегине, махабатына арнаган.

Ж.Шералиевдин 1969-жылдын 20-декабрында композиторлор союзунун өтүнүчү боюнча жиберген ырларынын, очерк, аңгеме, фельетон, макалалар, пьесаларынын өзү жөнүндө жазган авторлордун макалаларынын 8 барактан турган тизмелерине таянсак, 1928-69- жылдардын аралыгында 151 обондуу ырларды чыгарган. Кыргыз Мамлекеттик телерадио корпорациясынын алтын казынасында Ж.Шералиев өзү баш болгон 285 шайырдын аткаруусунда жети жарым сааттык тасмалар сакталуу. Ал эми 285 аткаруучу автордун чыгармаларын комуздун аккордеондун, темир комуздун, аспаптык топтордун, эстрадалык ансамблдердин, эл аспаптар симфониялык оркестрлердин, хордун коштоолорунда аткарышкан.

Ж.Шералиевдин ырлары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, жалпы элдин кызыгуусуна ээ болуп келет.

Ж.Шералиевде да олуттуу арманы болбосо да, оорусу арман кылган. Ошол оорунун айынан 1994-жылы 15-мартта 79 жашында жарык дүйнө менен коштошкон.

«Өлбөстүк бар өлүм жеңе албаган», деп айтылгандай ошол өлбөстүк өрөөнүндө, комуздун мукамы менен обологон обондордун жүрөк селт эттирген кайрыктарында шумкардын чабытындай ыр канаттарында улуу талант, Ырчы, обончу урпактан урпакка аты уланып, кылымдардын кыйырына оболонгон обондору өлбөстүк дүйнөсүндө жашай бермекчи.

Жумамүдүн Шералиевдин ысмы туулган айылына,Ат-Башы айылындагы орто мектепке, Нарын шаарындагы музыкалык мектепке,өзү жашаган көчөгө жана 2015-жылы 14-октябрда Ж.Шералиевдин 100 жылдыгына карата Бишкек шаарындагы № 6 музыкалык мектепке берилди.

### Эл ичине кеңири ырдалып жүргөн обондуу ырлары:

### Тарыхый ырлар

1. Компартия. Сөзү Ж.Садыковдуку
2. Компартия. Сөзү А.Токомбаевдики
3. Партия. Сөзү М.Токобаевдики
4. Партияга даңк. Сөзү А.Токомбаевдики
5. Ленин-Октябрь. Сөзү М.Борбугуловдуку
6. Ленин. Сөзү Б.Курманкуловдуку
7. Лениндик партбилет. Сөзү И.Исаковдуку
8. Ленин жолу. Сөзү Б.Соодонбековдуку
9. Ленинге алкыш. Сөзү Б.Абакировдуку
10. Лениндик багыт менен.Сөзү Б.Курманкуловдуку.
11. Комсомол. Сөзү А.Токтакуновдуку
12. Комсомолдор. Сөзү И.Исаковдуку
13. Тынчтык үчүн. Сөзү Т.Үметалиевдики
14. Ыракмат орус агага. Сөзү Б.Сарногоевдики
15. Жеңген эл. Сөзү А.Токомбаевдики
16. Даңк. Сөзү А.Токомбаевдики
17. Эл законун ырдайбыз. Сөзү Ж.Шералиевдики
18. Жашай бер, Кыргызстан. Сөзү М.Жангазиевдики
19. Ала-Тоо. Сөзү Б.Курманкуловдуку
20. Фрунзе кечтери. Сөзү Т.Алыбаевдики
21. Эдельвейс. Сөзү Б.Сутенованыкы
22. Кербез. Сөзү Т.Сатылгановдуку
23. Токтогулдун арманы. Сөзү Т.Сатылгановдуку

87. Кызыксың. Сөзү Ж.Шералиевдики
88. Жаш кезге. Сөзү Б.Абакировдуку
89. Ырдалды. Сөзү Ж.Шералиевдики
90. Жылдарым. Сөзү Д.Кененбаевдики
91. Созулма. Сөзү элдики
92. Колхоздогу курбума. Сөзү элдики
93. Сездиң бекен. Сөзү Ө.Кулумбаевдики
94. Колхоз кызы. Сөзү А.Кыдыровдуку
95. Өмүр сакчылары. Сөзү Б.Кеналиевдики
96. Гүлбарчын. Сөзү Б.Курманкуловдуку
97. Жылкычынын ыры. Сөзү Ж.Таштемировдуку
98. Махабат. Сөзү Б.Абакировдуку
99. Өтүнүч. Сөзү Б.Кеналиевдики
100. Адамбыз. Сөзү Ж.Шералиевдики
101. Жүрөгүмдүн сырын ук. Сөзү А.Бердибаевдики
102. Эскерме. Сөзү элдики
103. Неге. Сөзү А.Токомбаевдики
104. Карлыгач. Сөзү К.Мамбетакуновдуку
105. Кыргыз жайлоосу. Сөзү Ж.Шералиевдики
106. Мекеним сенсин. Сөзү А.вмурзаковдуку
107. Врачка. Сөзү Б.Абакировдуку
108. Геологдун ыры. Сөзү К.Алмазбековдуку
109. Агай-эжейлер. Сөзү А.Мамбетовдуку
110. Сереси сенсин жыргалдын. Сөзү Д.Кененбаевдики
111. Үлпөт ыры. Сөзү К.Мамбетакуновдуку
112. Милиция элдин достору. Сөзү И.Исаковдуку
113. Гүлдөй бер. Сөзү Б.Курманкуловдуку
114. Фестиваль ыры. Сөзү Ж.Садыковдуку
115. Боогачынын экинчи ыры. Сөзү К.Мамбетакуновдуку
116. Укейдин экинчи ыры
117. Укей менен Боогачынын дуэти
118. Календердин ыры
119. Боогачынын үчүнчү ыры

**Балдар ырлары:**

Улуу Ленин атабыз. Сөзү.Т.Кожомбердиевдики.
Партия деп ырдайбыз. Сөзү М.Жангазиевдики.
Партия биздин күнүбүз. Сөзү. Ш.Бейшеналиевдики.
Самаган жерге барабыз. Сөзү Ш.Бейшеналиевдики.
Бешик ыры. Сөзү Т.Элемановдуку.
Ушундай бол. Сөзү А.Токтомушевдики
Паравоз. Сөзү Т.Элемановдуку
Чертемин. Сөзү А.Токтакуновдуку
Мен эркеси замандын Сөзү. Д.Кененбаевдики
Фестиваль ыры Сөзү Ж. Садыковдуку

**Тамашалуу ырлар:**

Чекмурат. Сөзү А.Кыдыровдуку
Ойсекенин бешик ыры Сөзү А. Кыдыровдуку
Каап (какшык) Сөзү Э.Ибраевдики
Мансапкордун бешик ыры Сөзү. А.Кыдыровдуку.
Калдыкка каршы Сөзү. Ж.Шералиевдики
Ак бата (какшык) Сөзү. К.Алмазбековдуку
Ай кайыңдар (тамашалуу дуэт) Сөзү Ж.Шералиевдики
Сонунда (тамашалуу дуэт) Сөзү Ж. Шералиевдики

**Жарык көргөн обондуу ырлар жыйнактары:**

«Жаштар ай»-Ырлар жыйнагы.-Ф.: Мектеп, басмасы, 1963,-50бет.
Ырлар». Ф.: - Кыргызстан, басмасы-. 1982,157 бет.
«Тандалма ырлары». Ф.: - Кыргызстан, басмасы. 1982,15бет.
«Картайтпайт менин ырларым». - Б.: - Учкун, 1996, 129 бет.
«Ырдап кой».-Б.: 2002.- 319бет.
Жашообуз болсун көктөмдөй».-Б.: «Турар», 2013.

## Мезгилдүү басылмаларга жарыяланган Ырлары, очерктери, аңгемелери, макалалары

«Мен советтик граждандмын». - «Ленинчил жаш», 1939, 15-январь.
«Асыл эне». - «Кызыл Кыргызстан», 1939, 4-март.
«Кыргыз ЛКСМнын 2-сьездине». — «Ленинчил жаш», 1939, 8-февраль.
«Өмүрлүккө кубаныч». - «Ленинчил жаш», 1939, 21-август.
«Учкуч досума» (ыр). - «Советтик адабият жана искусство», 1940, № 6, 7-6 бет.
«Оркестр» . - «Кызыл Кыргызстан», 1945, 13-октябрь.
«Ордун таппаган оорсок уй саайт», 1945,13-ноябрь.
«Кайрат». - «Кызыл Кыргызстан», 1945, 13-ноябрь.
«Күткөн тилек». - «Кызыл Кыргызстан», 1945, 30-ноябрь.
«Гүл, гүл». - «Кызыл Кыргызстан», 1945, 27-декабрь.
«Уккун сүйгөн эл-жерим»». - «Кызыл Кыргызстан», 1945, 7-февраль.
«Эмнени күтүшөт» - «Ленинчил жаш», 1946, 21-ноябрь.
«Өскөн өрүш». - «Кызыл Кыргызстан», 1949, 13-июль.
«Дыйкан менен малчы». - «Кызыл Кыргызстан», 1949, 2-август.
«Айтыш». - «Кызыл Кыргызстан», 1949, 7-январь.
«Бактылуу үй-бүлө». - «Кызыл Кыргызстан», 1950, 27-декабрь.
«Арпада». - «Кызыл Кыргызстан», 1951, 27-июль.
«Эл эмгеги». - «Кызыл Кыргызстан», 1951, 2-сентябрь.
«Жеңиш туусу». - «Жаш Ленинчи» № 3.
«Жылкычы менен бригадир». - «Кызыл Кыргызстан», 1952, 3-февраль
«Досунун жообу». - «Жаш Ленинчи», 1952, № 9.
«Шахтердун ыры». - «Кызыл Кыргызстан», 1952, 22-июль.
«Өзү бүтөттүккө калган». - 1952, 25-июль.
«Эмгек толкуну». - 1952, 12-сентябрь.
«Ак-Сайда». - «Кызыл Кыргызстан», 1952, 22-июль.
«Арпада». - «Кызыл Кыргызстан», 1953,18-июль.
«Куланактагы клуб». -Тянь-Шань правдасы,1954,3-август.
«Соң-Көлдү аралаганда».-Кызыл Кыргызстан,1955, 25-июль.

## Колдонулган адабияттар:


Нарын облусуна 70 жыл. Энциклопедия- Б.:Бийиктик,2009.-289 бетте.
Шералиев Ж. Ырдап кой. Тандалмалар. Обондуу ырлар, ырлар, жанытмалар, интермедиялар, айтыштар, аңгемелер, очерктер, макалалар, эскерүүлөр. /Түз.Б.Алагушов; Сүрөтчүсү Жайчыбеков. -Б.: Кербез, 2002.-334 бет.
Шералиев Ж. Жашообуз болсун көктөмдөй: Обондуу ырлар ноталары менен.- Б:, «Кербез» басма үйү.-2012.-130 б.
Маданият жана көркөм өнөр жарчысы-Вестник культуры и искусств: атайын чыг. -Б.: 2015.-26-32 беттер.
Андарова Д. Мезгил сынаган талант.- //Жетиген.-2013,-№5. 29-31 беттер
Дыйканбаева Б. Өлбөстүк бар өлүм да жеңе албаган... //Теңир тоо.-2015.-№43-44, 5-бетте.
«Залкар компазитор Ж.Шералиев» тематикалык папка.
Интернет маалымат булактары: